***DOI:10.26104/NNTIK.2022.69.61.063***

*Дамилова Н.А.*

# МЕМУАРДЫК ЖАНА АВТОБИОГРАФИЯЛЫК ЧЫГАРМАЛАРДЫН ТАБИЯТЫ

*Дамилова Н.А.*

# ПРИРОДА МЕМОРИАЛЬНЫХ И АВТОБИОГРАФИЧЕСКИХ ПРОИЗВЕДЕНИЙ

*N. Damilova*

# THE NATURE OF MEMORIAL AND AUTOBIOGRAPHIC WORKS

*УДК: 82.0:821.512.154*

*Бул макалада адабият искусствонун түрү катары эки тенденциянын (документалдык жана көркөм) өз ара байланышына негизделгени, бул байланыштын натыйжасында көркөм-документалдык чыгармалар жаралары, алардын негизгилери болгон мемуардык жана автобиографиялык чыгармалар түшүнүктөрү жөнүндө маалымат берилет. Анда мемуардык чыгарма жана автобиографиялык чыгармалар түшүнүктөрүнө токтолуп, алардын окшоштук жана айырмалуу белгилерин көрсөтүүгө басым жасалат. Ал үчүн бир нече изилдөөчүлөрдүн эмгектерине токтолуп, далилдер келтирилет. Бир топ илимий булактарга таянуу менен мемуардык чыгармачылык түшүнүгүнүн табиятын жеткиликтүү ачып берүү максаты коюлат. Ал үчүн автобиографиялык чыгарма, мемуардык адабият түшүнүктөрү катар коюлуп, талданат. Натыйжада, автобиографиялык чыгармаларда автордун жашоосу жана анын инсан катары калыптанышын сүрөттөөгө басым жасалса, мемуардык чыгармаларда жазуучу-мемуарист өзүнүн бардык аракеттерин жалпы коомдук тарыхый жараяндын бөлүгү катары сүрөттөй тургандыгын көрсөтүү менен айырмачылыктары белгиленет. Ошону менен бирге кыргыз адабиятындагы мемуардык чыгармачылыкка кайрылган авторлордун чыгармачылыгы илимий багытта изилдөөнү талап кылган жагдай экендиги көрсөтүлдү.*

***Негизги сөздөр:*** *көркөм адабият, мемуар, автобиография, көркөм-даректүү адабият, тарыхый, эскерүү, жанр, мемуаристика, документалдык адабият*

*Данная статья раскрывает литературу как вид искусства на основе соотношения двух направлений (документального и художественного), в результате чего рождаются художественные произведения и документальные произведения, основные понятия мемуаров и автобиографических произведений. Акцентируется внимание на концепциях мемуаров и автобиографических произведений, подчеркивая их сходство и различие. В качестве доказательства приведены несколько исследований. Цель состоит в том, чтобы раскрыть сущность понятия мемуарного творчества, опираясь на ряд научных источников. Для этого анализируются концепты автобиографических произведений и мемуаров. В результате выявляется разница между автобиографическими произведениями и мемуарами. В автобиографических произведениях делается акцент на описании жизни и становления автора как личности, тогда как в мемуарах писатель-мемуарист прилагает все усилия на описание общего общественно-исторических событий. В то же время отмечено, что творчество авторов, обратившихся к мемуарам в кыргызской литературе, представляет собой ситуацию, требующую научного исследования.*

***Ключевые слова:*** *художественная литература, мемуар, автобиография, художественная литература, воспоминание, жанр, мемуаристика, документальная литература, литературно-теоретический.*

*This article reveals literature as an art form based on the correlation of two directions (documentary and fiction), as a result of which works of art and documentary works, the basic concepts of memoirs and autobiographical works are born. Attention is focused on the concepts of memoirs and autobiographical works, emphasizing their similarities and differences. Several studies provide evidence. The goal is to reveal the essence of the concept of memoir creativity, based on a number of scientific sources. For this, the concepts of autobiographical works and memoirs are analyzed. As a result, the difference between autobiographical works and memoirs is revealed. In autobiographical works, the emphasis is on describing the life and development of the author as a person, while in memoirs, the memoir writer makes every effort to describe general social and historical events. At the same time, it was noted that the work of authors who turned to memoirs in Kyrgyz literature is a situation that requires a scientific research.*

***Key words:*** *fiction, memoir, autobiography, fiction, memoir, genre, memoirs, non-fiction, literary-theoretical.*

**Киришүү.** Адабият сөз искусствосу катары эки тенденциянын өз ара байланышына негизделген: даректүү (документалдык) – реалдуу дүйнөнүн чыныгы жагдайларын кайра чагылдыруу жана көркөмдүк – чындыкты образдуу кайра жаратуу. Натыйжада, адабияттын көп багыттуу милдеттери калыптанат: чындыкты кандай болсо, ошондой чагылдыруу жана аны өзгөртүү, реалдуулуга окшош, кээде андан кескин түрдө айырмаланган өзгөчө шарттуу көркөм дүйнө түзүү. Муну окумуштуу К.К. Акматов төмөнкүдөй белгилейт: «Сөз өнөрү эки башталыштын: көркөм кыялдануу менен фантазиянын жана тарыхый чындык менен фактынын айкашынын негизинде өнүккөн, булардын катышынан чыгарманын структурасы, бүтүндүгү, кайталангыстыгы, баарынан мурда, жанрдык-түрдүк өзгөчөлүктөрү, анын идеялык-тематикалык бөтөнчөлүгү, автордук жекече стили көз каранды болот» [6].

Жогорудагы пикирлерге таянсак, бул милдеттер көркөм адабияттын эки башка түрүнүн алкагында ишке ашып, даректүү жана көркөм адабияттын пайда болушуна алып келет деген ойду айтмакчыбыз. Мында даректүү жана көркөм адабияттын эң негизги айырмачылыктарына токтолуп өтсөк болот. Даректүү

адабият сүрөттөлгөн нерсенин максималдуу тактыгына умтулат, кандайдыр бир мааниде дүйнөнүн фотографиялык көрүнүшү бар. Турмуш фактылары жана реалдуу жашоо чындыгы ишенимдүү чагылдырылат. Жашоонун чагылышы катары кабыл алынган даректүү (документалдык) көрүнүшкө артыкчылык берилет. Эгерде көркөм-документалдык адабият негизинен маалыматтык мааниге ээ болсо, ал эми көркөм адабият көп функциялуу. Документалдык адабиятта сүрөттөлгөн окуяга автордун ой-пикири, баасы ачык айтылып, окуяга карата далилдүү пикирлерди билдире алат. Даректүү чыгарманын мааниси түздөн-түз окурманга жеткирилет, анын мазмуну боюнча ар кандай версиялардын болушу жокко чыгарылат. Ал эми көркөм адабият – адамдын эмоционалдык жана интеллектуалдык ишмердүүлүгүнүн спецификалык көрүнүшү. Анын максаты – чындыктын, адам болмушунун жана аң-сезиминин өзгөчө адабий моделин түзүү. Көркөм адабияттын негизги өзгөчөлүгү – образдуулук менен дүйнөнүн конкреттүү типтештирилген образын кайра жаратуу жана көркөм чыгарманын эстетикалык функциясын жогорулатуу.

Көркөм адабиятта автор образдуу ой жүгүртүү, фантазия аркылуу, башкача айтканда, бизди курчап турган дүйнөнүн түз көчүрмөсүн гана бербестен, реалдуулуктан бир аз алыстап, шарттуу көркөм дүйнө жаратат. Сүрөттөө ыкмаларынын бай арсеналын колдонуу менен, ал окуялар жөнүндө айтып гана койбостон, аларды көзгө көрүнгөн айкындыкта кайра жаратат. Көркөм адабияттын негизги мүнөздүү белгилеринин бири моралдык-эстетикалык таасир эте алгандыгы болуп саналат. Башкача айтканда, окурман чыгарманын сюжети менен гана тааныш болбостон, андан моралдык-эстетикалык таасир да ала алат. Көрүнүп турган айырмачылыктарга карабастан, сөз өнөрүнүн эки түрү – даректүү адабият менен көркөм адабияттын орток байланыштары бар.Адабиятта ойдон чыгарылган жагдайларды эмес, реалдуу жагдайларды чагылдырган көркөм жана даректүү чыгармалар арбын. Биз бул макалабызда алардын бири болгон мемуарларга токтолобуз.

Макаланын актуалдуулугу көркөм адабияттагы көркөм-даректүү чыгармалардын түрлөрү катары саналган автобиографиялык жана мемуардык чыгарма түшүнүктөрүнө токтолуу менен алардын ар биринин мүнөздүү белгилерин ачыктоо, айырмачылыктарын көрсөтүүдө турат.

**Изилдөөнүн материалдары.** Даректүү (документалдык) – реалдуу дүйнөнүн чыныгы жагдайларын кайра чагылдыруу жана көркөмдүк – чындыкты образдуу кайра жаратуу чыгармаларынын арасында мемуарлар – жазуучунун чыгармачылык аң-сезиминде өткөн күндөрүн эскерүүлөрү көрүнүктүү орунду ээлейт. Мемуарларды даректүүлүк жана көркөмдүүлүк тенденцияларынын туундусу катары белгилесек болот.

Мемуардык адабият түшүнүгүн кээде автобиографиялык чыгарма түшүнүгү менен синоним катары караган учурлар да жок эмес. Эки түшүнүктүн төмөндөгү өзгөчөлүктөрүн талдоого алуу менен айырмачылыктарын түшүнүп билсек болот. Мемуарлар автобиографияга жакын жанр, бирок мемуарчылар сырткы окуяларга, автордун айланасындагы адамдарга көбүрөөк көңүл буруша тургандыгын байкайбыз.

Адабияттаанууда автобиография «адабий прозалык жанр: эреже катары, автор тарабынан өз өмүр баянынын ырааттуу сүрөттөлүшү» деп түшүнүшөт [6]. Автобиографиялык чыгарма– жазуучунун өзүнүн өмүр жолуна негизделип жазылган чыгарма. Мындай чыгармалар автобиографиялык роман, повесть, аңгеме, эскерүү, кат ж.б. жанрларда жаралат. М. Элебаевдин «Узакжол» повести, А. Осмоновдун «Жазуучулук баяным» сыяктуу чыгармалары акын-жазуучулардын өз өмүрү жөнүндөгү баян-эскерүүлөрү болуп эсептелет. Бул мемуаргатаандык өтө байыркы адабий көрүнүштөрдөн [3]. Демек, автобиография – адабий жанр, жазуучунун өмүр баяны. Жазуучу тарабынан өз өмүр баянын ырааттуу сүрөттөө, башкача айтканда, автордун өз өмүр жолуна негизделип жазылган чыгарма.

Мемуар – автобиографияга жакын жанр, бирок, мемуаристтер авторду курчап турган сырткы окуялар менен адамдарга көбүрөөк көңүл бурушат [6]. Адабияттын бир түрү болгон мемуарлардын туруктуу белгилери катары саналган: а) фактылык мүнөз; б) окуялардын басымдуулук кылуусу; в) ретроспективдүүлүгү; г) далилдердин болушу сыяктуу өзгөчөлүктөрүн көрсөтсөк болот.

Изилдөөчү А. Тартаковский: «Мемуардык чыгармачылыкта инсандын тарыхый өзүн-өзү аңдоосу өзгөчө толук чагылдырылат», - деп баса белгилеп, мемуарларды улуттук маданияттын ажырагыс бөлүгү катары карайт. Анткени, мемуардык чыгармалар ошол элдин басып өткөн жолунун, анын тарыхынын көркөм чагылышы, ошондуктан, тарыхты окуп үйрөнүүнүн негизги булактарынын бири болуп саналат. Мемуар – бул автордун өзү катышкан же байкоочу болгон реалдуу окуялар тууралуу эскерүүлөрү [4]. Мемуар жанрындагы адабият – көркөм адабияттын бир түрү. Бул инсандын кокустан өзү күбө болгон өткөндөгү реалдуу окуялар тууралуу эскерүүлөрүн билдирет. Белгилүү адамдын өзүнүн көрүп-билген же башка жакын булактардан алган окуялары жөнүндө жазган эскерүү мүнөзүндөгү чыгармалары, башкача айтканда, автор өзү катышкан, же окуяларга түздөнтүз катышкан тараптардан көрүп-билгендери, укkандары жөнүндө баяндап жазуусу. Мемуарчынын чыгармачылыгынын негизги өбөлгөлөрү: тарыхый чындыкка, фактылык табиятка шайкеш келүүсү, окуянын хроникасы (окуяны өнүгүү этаптары боюнча чагылдыруу), сюжетти кубалоодон баш тартуу, аң-сезим-

дүү анахронизмдер, атайын көркөмдүк техникалар [1]. Бул формалдуу белгилер мемуарды жанрга жакындатат, ретроспекцияны, бир топ алыскы өткөнгө кайрылуу менен мемуарчы топтогон тажрыйбанын бийиктигинен окуяларды кайра чагылдыруусун жана өз баасын берүүсүн билдирет.

Материалдык жактан ишенимдүүлүгү менен мемуарлар тарыхый прозага, илимий биографиялык, автобиографиялык жана документалдык тарыхый очерктерге жакын. Бирок, мемуар автобиографиядан автордун жеке инсандыгын гана эмес, анын айланасындагы тарыхый чындыкты, аздыр-көптүр катышкан тышкы коомдук-саясий, маданий ж.б. окуяларды чагылдыруусу менен өзгөчөлөнөт. Ошол эле учурда, илимий жанрлардан айырмаланып, мемуарлар автордун үнүнүн активдүү катышуусун, анын жекече баа берүүсүн, кээде автордун чыгармадагы негизги фигура боло алгандыгын билдирет, алар репродукцияланган материалдын иш жүзүндөгү тактыгы боюнча айырмаланып турат.

Жогорудагы биз токтолгон изилдөөчүлөрдүн пикирлерин эске алып, төмөнкүдөй ойлорду айтмакчыбыз. Мемуарлардын негизги өзгөчөлүктөрү катары болупөткөн окуянын анык жана документалдуу мүнөздө чагылдырылгандыгын айтсак болот. Башкача айтканда, автор тигил же бул окуяны өзү көргөн, же күбө болгон катышуучу катары баяндап берет. Автобиография тушүнүгү менен синоним катары колдонулганы менен ортосунда чоң айырмачылык бар. Мемуарист өзүнүн бардык аракеттерин жалпы коомдук тарыхый жараяндын бөлүгү катары сүрөттөйт. Ал эми автобиографиялык чыгармаларда автордун жашоосу жана анын инсан катары калыптанышын сүрөттөөгө басым жасалат.

Кыргыз адабиятында мемуар адабиятына өз салымын кошкон көркөм сөз чеберлери арбын. Алардын бири, роман жанрынын түптөөчүсү эсептелген улуу жазуучу Т. Сыдыкбеков «Жол» жана «Бел-белесте» аттуу чыгармаларында басып өткөн узак жана кызыктуу өмүрү, баштан кечирген окуялары жөнүндө баяндайт. Өзү жашаган доор жана замандаштары, кыргыз адабияты жана маданияты тууралуу ой жүгүрткөн. Т. Сыдыкбеков «Кең-Суу» романынын жазылыш тарыхына бир топ кайрылып, чыгарма реалдуу турмуштан алынганы, реалдуу окуялар баяндалып, өзүнө жакшы тааныш адамдар көрсөтүлгөнүн көп жолу айткан. Роман автордун туулуп өскөн айылынын аты менен аталышы да анын өзөгүн реалдуу турмуш окуялары түзгөндүгүнүн далили. Мында борбордук орунда автор баяндоочу катары турат да, окуяларга, турмуштагы өзү билген фактыларга өз көз карашынан баа берет [3]. Аңгемелерден, маектерден, каттардан турган «Мен миң жыл жашадым» китебинде да бул жанрга кайрылат. Т.Сыдыкбековдун жогоруда саналган чыгармалары кыргыз адабиятындагы мемуардык чыгармалардын төл башы болуп калгандыгын өзгөчө белгилесек болот.

**Корутунду.** Жогоруда бир нече илимий булактарга таянып, автобиографиялык жана мемуардык чыгарма түшүнүктөрүн катар коюп, салыштыруу менен, натыйжада, автобиографиялык чыгармаларда автордун жашоосу жана анын инсан катары калыптанышын сүрөттөөгө басым жасалса, ал эми мемуардык чыгармаларда жазуучу-мемуарист өзүнүн бардык аракеттерин жалпы коомдук тарыхый жараяндын бөлүгү катары сүрөттөй тургандыгы жөнүндөгү корутундуга келдик. Ошону менен катар кыргыз адабиятында тарыхый мүнөздөгү автобиографиялык, мемуардык чыгармаларды изилдөө учур талабы экендигин белгилемекчибиз. Анткени, улуттук адабиятыбызда автобиографиялык, мемуардык чыгармалар арбын жазылгандыгына карабастан, адабият таанууда бул жааттагы изилдөөлөр аз жана бир топ алдыга жылуусу керек экендигин практика көрсөтүп келет. «Кыргыз адабият таануусунда ушул кезге чейин бул маселе бузулбаган «дың» бойдон калууда. Жанрдын пайда болуш шарттары, калыптануусу, өнүгүш тенденциялары, ички өзгөчөлүктөрү деген сыяктуу маселелер дагы эле болсо кол тийбестен калууда» [2].

Көркөм-документалдык багыттагы мемуардык жана автобиографиялык жанрдагы чыгармаларга иликтөө жүргүзүлүп, адабий терең талдоо, башкача айтканда, көркөм-документалдык адабияттын теориялык изилдениши бүгүнкү кыргыз адабият таануу илиминдеги негизги маселелердин бири деген жыйынтыктарга келдик.

**Адабияттар:**

1. Вадим Полонский. Энциклопедия кругосвет. Универсальная научно-популярная энциклопедия. - Архангельск, 2020.
2. Вестник Иссык-Кульского университета, №42, 2016.
3. Кыргыз адабияты энциклопедиялык окуу куралы. - Б.: Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору. Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борбору, 2004.
4. Кыргыз совет адабиятынын тарыхы, 1-том. - Фрунзе, 1987.
5. Акматов К.К. Развитие автобиографической прозы в мировой литературе. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2016. №. 3. С. 195-198.
6. Акматов К.К. Формирование автобиографизма в русской прозе. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2016. №. 3. С. 211-213.